**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

# ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №4 ПРОТОКОЛУ

***30-декабрь 2023 -жыл***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 32
Катышкандардын саны - 31

Төрага - ректор, доцент Колдошов Т.Р.
Катчы - доцент Маражапова Н.К.

**Угулду**:

**Колдошов Т.Р**. Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Б.Бейшенеалиева атындагы КММИУнун кезектеги декабр айындагы Окумуштуулар Кеңешинин жыйынын баштоого уруксат этиңиздер (КР гимни ойнолду). Күн тартибиндеги маселелер:

1. Университеттин илимий-изилдөө иштери жана мамлекеттик тил саясаты боюнча проректорунун 2023-календардык жыл үчүн отчёту жана 2024-календардык жыл үчүн иш планы.
**Жооптуу:** илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректор.
2. Күндүзгү окуу бөлүмүндөгү кышкы сессиянын жүрүшү тууралуу. **Жооптуулар:** Окуу иштери боюнча проректор, окуу бөлүмү, факультеттердин декандары.
3. Искусство факультетинин окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин абалы тууралуу. **Жооптуулар**: комиссия, факультеттин деканы.
4. Искусство факультетинин жана анын курамындагы кафедралардын 2023-2024-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин аткарылышы тууралуу (*музыкалык билим берүү, жалпы фортепиано, хор дирижёрлугу, салттык музыка жана фольклор, музыкалык-теориялык дисциплиналар, оркестр дирижёрлугу, эстрада кафедралары*). ***Жооптуулар***: комиссия, кафедра башчылары.
5. Бош кызмат орундарына конкурстук негизде шайлоолорду өткөрүү тууралуу. ***Жооптуу***: Шайлоолорду өткөрүү боюнча уюштуруу комиссиясы.
6. Ар түрдүү маселелер.

Урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү, менде сунуш бар. Экинчи маселеге бош кызмат орундарына конкурстук негизде шайлоолорду өткөрүүнү жылдырсак. Анткени эсептөө комиссиясын шайлап, алар өз ишин баштай беришсе. Андан кийин үчүнчү жана төртүнчү маселени бир карасак, анткени искусство факультетинин жана курамындагы кафедралардын ишмердигин бир комиссия текшерди. Кандай дейсиздер, колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс – жок.**

Чоң ырахмат. Чолпон Мукашовна, биринчи маселеге канча мүнөт жетет. Үчүнчү, төртүнчү маселелерге комиссиянын төрагасы Кубатбек Куланчиевич, ар бир маселеге канча убакыт берели?

**Турумбаева Ч.М.** Түмөнбай Рахманович, 10 минута жетет.

**Джакыпов К.К.** Урматтуу Түмөнбай Рахманович, ар бир маселеге 10 минутадан 20 минутага чейин убакыт берсеңиз жакшы болот.

**Колдошов Т.Р.** Урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү, 1-маселеге 10 минутага чейин, үчүнчү жана төртүнчү маселелерге 7-10 минутага чейин, жарыш сөзгө 3 минутага, суроо-жоопторго 2 минутага чейин убакыт берүү регламентин колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

Чоң ырахмат. Урматтуу кесиптештер, күн тартибиндеги маселелерге өтөрдөн мурда өтүп жаткан жылдагы ийгиликтерибизге токтолбосок болбойт, жыл жыйынтыктаган Окумуштуулар Кеңеши болуп жатат. Бул жылда ийгиликтерибиз жуп-жубу менен кош-коштолуп келди. Ынтымактуу жамааттын ырыскысы түгөнбөйт деп ойлойм. Илимдин кандидаттары экөө, Президенттик стипендианттарыбыз экөө, лауреаттар, конкурсанттар да алтоо болуп жуп-жуптап ийгиликтерге жетиштик. Мына ушул ийгилик ээлерин куттуктап, сыйлыктарды тапшырып коюуга уруксат бериңиздер.

- 2022-2023-жылдагы окуудагы, коомдук, уюштуруу иштериндеги ийгиликтери үчүн үлгүлүү студент, хореография жана маданий ишмердик факультетинин 4-курсунун студенти Болотова Адинай Максатовна КР Президентинин стипендиясы менен сыйланат. Ушундай эле сыйлык менен сыймыктуу кызыбыз, театр факультетинин 4-курсунун студенти Орозова Нурай Бактыбековна сыйланат. Сыйлыгыңыздар кут болсун, башка студенттерге ар дайым үлгү болуп жүрүңүздөр.
- КР Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги, КР композиторлор союзу обончу, композиторлор үчүн ачык конкурс жарыялаган. Биздин окуу жайдан алты кесиптешибиз коюлган талаптар, критерийлер боюнча катышып көптөгөн сыйлыктарга ээ болушту: жаңы обондуу ырлар, атуулдук ырлар номинациялары боюнча 3-даражагагы диплом жана акчалай сыйлыгы менен **Т. Саламатов** сыйланат. Балдарга арналган чыгармалары үчүн 1-3- даражадагы дипломдор жана акчалай сыйлыктар менен **М.Т. Жээнбаев** сыйланат. Оркестр үчүн жазылган чыгармалары үчүн 3-даражадагы диплом жана акчалай сыйлык менен, кыл аспаптар номинациясы боюнча 3-даражадагы диплом жана акчалай сыйлык, үйлөмө аспаптар боюнча балдар, фортепиано үчүн жазылган чыгармалары үчүн 3-даражадагы диплом жана акчалай сыйлык менен **Р. Бейшеналиева** сыйланат. Балдар ырлары номинациясы боюнча 2-даражадагы диплом жана акчалай сыйлык менен **Д.Ү.Урмамбетов** сыйланат. Лирикалык ырлар номинациясы боюнча 2-даражадагы диплом жанан акчалай сыйлык менен **Т.Р. Колдошов** сыйланат. Атуулдук ырлар номинцациясына катышкандыгы үчүн 2-даражадагы диплом жана акчалай сыйлык менен **К. Осмонов** сыйланат.
- Кечээ жакында университетте “Жаңы ысымдар” эл аралык студенттик театр фестивалы болуп өттү. Театр фестивалын жогорку деңгээлде

уюштургандыгы үчүн театр ишмерлер союзунун төрагасы, урматтуу агайыбыз Жаныш Осмоновичке, проректор Улукбек Осмоновичке, декан Сайра Осмоновнага, окутуучулар Дария Хусейиновнага, Жаңылай Исаковнага жана эки кафедра башчыларына алкыш жарыялансын.

• Кыргызстан театр ишмерлер союзу 2023-жылдын драмалык чыгармалардын республикалык конкурсунда "Атанын балдары" пьесасы менен жеңүүчү аталып диплом, акчалай сыйлык менен **М. Тыныстанова** сыйланат.

• Ушундай эле сыйлык менен 1- орунду ээлегендиги үчүн "Сырдуу талаа" пьесасы менен **К. Маматова** эжекебиз акчалай сыйлык жана диплом менен сыйланат.

• "Ак тал" адабий чыгармачылык бирикмесине кошкон жигердүү салымы үчүн театр факультетинин 2-4-курсунун студенттери ыраазычылык каттар менен сыйланат.

• КРнын "Рух бейне" эл аралык чыгармачылык академиясы руханий баалуулуктарды калкка жайылтууга жана жаш муундарды тарбиялоого кошкон жигердүү салымы үчүн театр факультетинин кафедра башчысы **К.Т. Макеева** диплом менен жана "Бактынур" продюссердик борборунун "**Эл сыймыгынын ээси**" төш белгиси менен сыйланат.

Урматтуу кесиптештер, урматтуу студенттер сыйлыгыңыздар жана ийгилигиңиздер кут болсун. Мындан ары да чыгармачылык ишмердигиңиздерде ийгиликтер коштоп жүрсүн. Сыйлык сиздердики, сыймык биздики болду.

**Күн тартибиндеги маселелерге** өтөлү. Биринчи маселе боюнча сөз илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректор Чолпон Мукашовнага берилет.

**Турумбаева Ч.М.** Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин курамы, урматтуу төрага. Кол алдыңыздарда 2023-жылга карата илимий иштер боюнча отчёт жана 2024-жылга карата иш план турат. Мен кыскача баяндама берүүгө уруксат бериңиздер (маалымат тиркелет).

**Колдошов Т.Р.** Чоң рахмат, илимий багытта бул жылы бир топ жакшы иштерди жасоого аракет кылдык. Министрлик менен биргеликте бир топ эмгектер чыгарылды. Илимий-практикалык конференцияларга, тегерек столго, жолугушууларга активдүү катыштык, уюштурдук, мыкты деңгээлде өткөрдүк. Студенттер эл аралык фестивалдарга барып келишти. Кимде суроолор бар?

**Маражапова Н.К.** Илимий иштер багытында алгылыктуу жумуштар жасалды. Мамлекеттик тил маселеси боюнча кафедралардагы, деканаттардагы иш кагаздардын жүрүшү мамлекеттик тилге толук өттүбү?

**Турумбаева Ч.М.** Окуу жайыбызда мамлекеттик тилде сапаттуу жана сабаттуу иш алып барууну колго алуу керек. Бул багытта иш аракеттер жасалып жатат, дагы да токтотпостон аткарышыбыз керек.

**Колдошов Т.Р.** Ооба, мамлекеттик тилде иш кагаздарын толук кандуу жүргүзүү учурдун талабы. Лекциялар, семинардык практикалык сабактардын иштелмелерин мамлекеттик тилде жазылышын талап кылыңыз. Бул багытка

өзгөчө басым коюп жаңы жылда иш алып барыңыз. Башка суроолор жок болсо биринчи маселе боюнча **ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректордун отчёту эске алынсын.
2. Университеттин “Илимий жарчысын” такай чыгарууну колго алынсын.
3. Илимий иштердин бардык багыттарын колго алуу жана ишмердикти жүргүзүү үчүн (аспирантура, магистратура) атайын иш планы иштелип чыксын.
4. Аспирантурага кабыл алуу, уюштуруу иштери жыйынтыкталсын.
5. Бул чечимдердин аткарылышын илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректор Ч.М.Турумбаева жүктөлсүн.

Чечимге толуктоолор, сунуш-пикирлер болсо айтыңыздар. Жок болсо, биринчи маселенин чечимин бекитип берүүңүздөрдү суранам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

Чоң ырахмат. Урматтуу кесиптештер, сунуш түшүп жатат. 5-маселени 2-маселеге жылдыруу тууралуу. Бош кызмат орундарына конкурстук негизде шайлоолорду өткөрүү боюнча. Колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

Чоң рахмат. Урматтуу агай-эжекелер, университеттин бош кызмат орундарына шайлоолорду өткөрүү боюнча “Кут билим” гезитине кулактандыруу жарыяланган.

**Кафедранын профессору**:

1. Социалдык-маданий ишмердик кафедрасы – 1 орун
2. Салттык музыка жана фольклор кафедрасы – 1 орун
3. Режиссура жана актёр чеберчилиги кафедрасы - 1 орун

**Кафедранын доценти**:

1. Телекөрсөтүү жана радио уктуруу кафедрасы - 1 орун
2. Музыкалык билим берүү кафедрасы - 3

**Улук окутуучу**:

1. Оркестр дирижёрлугу кафедрасы - 1 орун
2. Кино кафедрасы - 1 орун
3. Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасы - 2 орун

**Жалпы: 11 бош орун**

1. Профессордун м.а. - 3 орун
2. Доценттин м.а. - 4 орун
3. Улук окутуучу - 4 орун

Конкурска катышууга 9 арыз катталган, түшкөн арыздар менен б.а., талапкерлер менен тааныштырып өтөйүн.

**Кафедранын профессору**:

1. Социалдык-маданий ишмердик кафедрасы – 1 орун (Джолдошбекова С.А.)
2. Салттык музыка жана фольклор кафедрасы – 1 орун (Дюшалиев К.Ш.)

3. Режиссура жана актёр чеберчилиги кафедрасы - 1 орун (Сейдалиева К.)

**Кафедранын доценти**:

1. Телекөрсөтүү жана радио уктуруу кафедрасы - 1 орун (Бугучиев Т.Н.)
2. Музыкалык билим берүү кафедрасы – 3 орун 2 арыз түшкөн ( Алымбаева А., Егемкулова Ж.)

**Улук окутуучу**:

1. Оркестр дирижёрлугу кафедрасы - 1 орун (Казиева С.М.)
2. Кино кафедрасы - 1 орун (арыз түшкөн эмес)
3. Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасы - 2 орун (Эсенбаева С.О., Нуримбетова С.Ж.).

**Жалпы: 9 талапкер**

1. Профессордун м.а. - 3 талапкер
2. Доценттин м.а. - 3 талапкер
3. Улук окутуучу - 3 талапкер

Урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин курамы, эсептөө комиссиясын бекитип алсак. Кимде кандай сунуш бар.

**Омокеев У.А.** 5 кишиден турган курамды сунуштайт элем: профессор К.С. Акматалиев, профессор Т.С.Саламатов, профессор К.К. Түлөбердиев, доцент Ч.М. Турумбаева, улук окутуучу Н.К. Келдибековалардын талапкерлигин сунуштайм.

**Молдобеков А.К.** Чолпон Мукашовна бош кызмат орундарына конкурстарды өткөрүү комиссиясынын төрайымы болгондуктан, эжекенин талапкерлиги туура келбейт, анын ордуна Көрпөбаева Мариям Керималиевнанын талапкерлигин сунуштайм.

**Турумбаева Ч.М.** Туура айтасыз мага туура келбейт. Менин ордума Мариям Керималиевнанын талапкерлигин колдойм.

**Колдошов Т.Р.** 5 кишиден турган эсептөө комиссиясынын төмөндөгү курамын бекитип берүү үчүн колго салам. Профессор К.С. Акматалиев, профессор Т.С.Саламатов, профессор К.К. Түлөбердиев, доцент Ч.М. Турумбаева, улук окутуучу Н.К. Келдибекова.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

Чоң ырахмат. Нуржан Кенжекуловна, эсептөө комиссиясына протоколдорду өткөрүп бериңиз, ишиңиздерге ийгилик каалайбыз.

Кезектеги сөздү талапкерлерге берсек, ар бир талапкерге 3 минутага чейин убакыт берилет. (ар бир талапкер слайд-материалдын коштоосунда отчёт беришти).

Эсептөө комиссиясы өз ишиңиздерди баштай бериңиздер. Биз кийинки маселеге өтө берели.

Күн тартибиндеги 3-маселе күндүзгү окуу бөлүмүндөгү кышкы сессиянын жүрүшү тууралуу. Сөз окуу бөлүмүнүн башчысы Алманбет к. Жаңылга берилет.

**Алманбет к. Ж.** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, урматтуу төрага. 2023-жылдын 22-декабрынан 30-декабрына чейин күндүзгү окуу бөлүмүнүн сессиясы болду (материал тиркелет).

**Колдошов Т.Р.** Урматтуу кесиптештер, мини сессиянын графигине өзгөртүү киргизүү тууралуу Кубатбек Куланчиевич сунуш берип жатат. Майрамдан кийин студенттерди убара кылбастан 2024-жылдын 15-январынан 22-январына чейинки убакытка жылдырууну. Кийинки семестрдин алдында келип тапшырышса деп, кандай дейсиздер. Колго салайын.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

Чоң ырахмат. Мини сессиянын графигине өзгөртүүлөр киргизилди. Экинчи маселе боюнча

**<u>ЧЕЧИМ КЫЛАТ:</u>**

1. Күндүзгү окуу бөлүмүндөгү кышкы сессиянын жүрүшү тууралуу окуу бөлүмүнүнбашчысынын маалыматы эске алынсын.

2. Мини сессиянын графиги 2024-жылдын 15-январынан 22-январына чейин жылдырылсын.

**Төртүнчү маселеге өтсөк.** Искусство факультетинин жана анын курамындагы кафедралардын 2023-2024-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин жүрүшү тууралуу (*музыкалык билим берүү, жалпы фортепиано, хор дирижёрлугу, салттык музыка жана фольклор, музыкалык-теориялык дисциплиналар, оркестр дирижёрлугу, эстрада кафедралары*).

Сөз искусство факультетинде жана анын курамындагы кафедралардын иш кагаздарынын абалына мониторинг жүргүзгөн комиссиянын төрагасы Кубатбек Куланчиевичке берилет.

**Джакыпов К.К.** Амансыздарбы урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү жана Түмөнбай Рахманович. 21-ноябрдан 23-ноябрга чейин 5 адамдан турган комиссия (*Джакыпов К.К., Саламатов Т.С., Аскарова Ч.А., Алманбет к. Жаңыл, Шейшеналиев* Э.Ш.) искусство факультетинин жана ага караштуу кафедралардын ишмердигине мониторинг жүргүзүлдү (маалымат тиркелет).

**Колдошов Т.Р.** Чоң ырахмат. Урматтуу Кубатбек Куланчиевич, ар бир кафедраны отурбай иштеп тактап чыгышыбыз керек. Сапат бөлүмүн ачуу зарылчылыгы бар экенин билгендирсиз. Кафедралар, деканаттар иш номенклатура боюнча ишмердик жүргүзүлүп жатабы? Бул багыттар каралбай калып калгандай. Акыбалыбыз өтө жакшы эмес. Кимде кандай суроолор бар?

**Аскарова Ч.А.** Комиссиянын мүчөсү катары менде да бир-эки ооз кеп айткым келип турат. Урматтуу Түмөнбай Рахманович, сиз туура белгиледиңиз, кафедралардагы иш номенклатураларды такташ керек. Бирдиктүү нормага салбасак болбойт. Ар ким өз билгениндей ишмердик жүргүзөт экен. Багытталган иш пландар чындыгында аксайт. Андыктан, жаңы жылдан кийин комиссия көрсөткөн кемчиликтердин үстүнөн кайрадан дагы карап чыгалы.

**Колдошов Т.Р.** Жакшы болот. Бардык факультеттерге жазылган справканын негизинде көрсөтүлгөн кемчиликтердин үстүнөн карап чыгыңыздар. Сөз факультеттин деканы С.М. Казиевага берилет.

**Казиева С.М.** Өзүңүздөргө маалым болгондой, мен бул факультетти аз убакыттан бери жетектеп келе жатам. Комиссиянын жалпы курамынан, өзгөчө

Кубатбек Куланчиевичтен көп маалыматтарды, усулдук кеңештерди, көрсөтмөлөрдү ала алдык. Сиздер көрсөткөн, белгилеген кемчиликтер негиздүү жана жүйөлүү. Көрсөтүлгөн мөөнөттө оңдогонго аракеттенебиз. Комиссияга чоң рахмат айтмакчымын.

**Колдошов Т.Р.** Чоң ырахмат. Үчүнчү маселе боюнча

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Искусство факультетинде иш кагаздарынын абалы "канааттандырарлык" деп эсептелсин.
2. Учурда факультетте иш алып барып жаткан жаңы жетекчиликке (декан, кафедра башчылары) өзгөчө: фольклор, жалпы фортепиано, музыкалык билим берүү, хорго дирижерлук кылуу, эстрада кафедраларында иш кагаздарын 20.01.2024-жылга чейин талапка ылайык абалга келтирүү тапшырылсын.
3. Университет тарабынан бокс-файлдар сатылып алынып, деканат, кафедраларга тартылып берилсин.
4. Университеттин бардык структуралык түзүмдөрүндө январь айында иш кагаздары калыбына келтирип, толуктоо боюнча пландуу иштер жүргүзүлсүн.
5. Бул талаптарды көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор К.Жакыповго жүктөлсүн.

Урматтуу кесиптештер эсептөө комиссиясы өз ишин аяктагандыгына байланыштуу комиссиясынын төрагасы профессор К.С. Акматалиевге берилет.

**Акматалиев К.С.** Урматуу Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү. Эсептөө комиссиясынын 5 адамдан турган мүчөлөрүнүн милдетин бөлүштүрүү боюнча жыйын өткөрүлдү жана ал төмөндөгүдөй тартипте дайындалды. Эсептөө комиссиясынын төрагасы К.С. Акматалиев, эсептөө комиссиясынын катчысы Н.К. Келдибекова, мүчөлөрү болуп Т.С. Саламатов, профессор К.К. Түлөбердиев, доцент М.К. Көрпөбаева дайындалды.

**Колдошов Т.Р.** Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын жыйынынын мүчөлөрүнүн милдетин бөлүштүрүү боюнча №1 протоколун бекитүү үчүн колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

**Акматалиев К.С.** Талапкерлерди шайлоодо эсептөө комиссиясынын жыйынтыгы төмөндөгүдой болду.

1. Салттык музыка жана фольклор кафедрасынын профессору кызмат ордуна талапкер **Дюшалиев К.Ш.** – ОКнын **31** мүчөсү катышты. Урнадан **31** бюллетень чыкты. Макул – **30**; каршы – **жок**; жараксыз бюллетень- **1**.
2. Социалдык-маданий ишмердик кафедрасынын профессорунун м.а. кызмат ордуна талапкер **Джолдошбекова С.А.** – ОКнын **31** мүчөсү катышты. Урнадан **31** бюллетень чыкты. Макул – **30**; каршы – **жок**; жараксыз бюллетень- **1**.
3. Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасынын профессорунун м.а. кызмат ордуна талапкер **Сейдалиева К.** – ОКнын 31 мүчөсү катышты.

Урнадан 31 бюллетень чыкты. – ОКнын **31** мүчөсү катышты. Урнадан **31** бюллетень чыкты. Макул – **30**; каршы – **жок**; жараксыз бюллетень- **1**.

4. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу кафедрасынын доцентинин м.а. кызмат ордуна талапкер **Бугучиев Т.Н.** – – ОКнын **31** мүчөсү катышты. Урнадан **31** бюллетень чыкты. Макул – **30**; каршы – **жок**; жараксыз бюллетень- **1**.
5. Музыкалык билим берүү кафедрасынын доцентинин м.а. кызмат ордуна талапкер **Алымбаева А.К.** – – ОКнын **31** мүчөсү катышты. Урнадан **31** бюллетень чыкты. Макул – **30**; каршы – **жок**; жараксыз бюллетень- **1**.
6. Музыкалык билим берүү кафедрасынын доцентинин м.а. кызмат ордуна талапкер **Егемкулова Ж.А.** – – ОКнын **31** мүчөсү катышты. Урнадан **31** бюллетень чыкты. Макул – **30**; каршы – **жок**; жараксыз бюллетень- **1**.
7. Оркестр дирижерлугу кафедрасынын улук окутуучусу кызмат ордуна талапкер **Казиева С.М.** – – ОКнын **31** мүчөсү катышты. Урнадан **31** бюллетень чыкты. Макул – **30**; каршы – **жок**; жараксыз бюллетень- **1**.
8. Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасынын улук окутуучусу кызмат ордуна талапкер **Эсенбаева С.О.** – – ОКнын **31** мүчөсү катышты. Урнадан **31** бюллетень чыкты. Макул – **30**; каршы – **жок**; жараксыз бюллетень- **1**.
9. Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасынын улук окутуучусу кызмат ордуна талапкер **Нуримбетова С.** – – ОКнын **31** мүчөсү катышты. Урнадан **31** бюллетень чыкты. Макул – **30**; каршы – **жок**; жараксыз бюллетень- **1**.

**Колдошов Т.Р.** Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын талапкерлерди шайлоо жыйынтыгынын экинчи протоколдорун бекитип берүүңүздөрдү суранам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

Чон ырахмат. Талапкерлерди шайлоодон ийгиликтүү өтүшүңүздөр менен куттуктайм. Ишмердикте көп-көп ийгиликтерди жарата бериңиздер.

**<u>ЧЕЧИМ КЫЛАТ:</u>**

1. Салттык музыка жана фольклор кафедрасынын профессору кызмат ордуна талапкер **К.Ш. Дюшалиев** конкурстан өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын профессору кызмат ордуна дайындалсын.
2. Социалдык-маданий ишмердик кафедрасынын профессорунун м.а. кызмат ордуна талапкер **С.А. Джолдошбекова** конкурстан өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын профессорунун м.а. кызмат ордуна дайындалсын.
3. Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасынын профессорунун м.а. кызмат ордуна талапкер **К. Сейдалиева** конкурстан өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын профессорунун м.а. кызмат ордуна дайындалсын.
4. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу кафедрасынын доцентинин м.а. кызмат ордуна талапкер **Т.Н. Бугучиев** конкурстан өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын доцентинин м.а. кызмат ордуна дайындалсын.
5. Музыкалык билим берүү кафедрасынын доцентинин м.а. кызмат ордуна талапкер **А.К. Алымбаева** конкурстан өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын доцентинин м.а. кызмат ордуна дайындалсын.
6. Музыкалык билим берүү кафедрасынын доцентинин м.а. кызмат ордуна талапкер **Ж.А. Егемкулова** конкурстан өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын доцентинин м.а. кызмат ордуна дайындалсын.

7. Оркестр дирижерлугу кафедрасынын улук окутуучусу кызмат ордуна талапкер **С.М. Казиева** конкурстан өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын улук окутуучусу кызмат ордуна дайындалсын
8. Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасынын улук окутуучусу кызмат ордуна талапкер **С.О.Эсенбаева** конкурстан өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын улук окутуучусу кызмат ордуна дайындалсын.
9. Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасынын улук окутуучусу кызмат ордуна талапкер С.**Нуримбетова** конкурстан өткөндүгүнө байланыштуу кафедранын улук окутуучусу кызмат ордуна дайындалсын.

Урматтуу кесиптештер, **ар түрдүү** маселелерге өтсөк.

- 2024-жылга илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректордун иш планын бекитүүнү колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

- Аспирантура бөлүмү жөнүндөү жобо, илимдин магистрлерин даярдоо боюнча жобо, профессионалдык жогорку билим берүү окуу программасын (кыргыз орус тилдеринде) (багыты: 550600-көркөмдүк билим; квалификация: илимдин магистри), основная образовательная программа высшего образования (направление подготовки 17.00.02 искусствоведение – музыкальное искусство: 24.00.01 – теория и история культуры), кафедра жөнүндөгү жобо, "Окутуучу студенттин көзү менен" социологиялык сурамжылоо тууралуу жоболорду ректорат иштеп чыкты. Алымча кошумчасын менен бекитүү үчүн колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

- 2024-жылдын январь айынан баштап жалпы жаматтын (профессордук-окутуучулук курам, администрация жана көмөкчү персонал) эмгек акысы 110 (бир жүз он ) сомдон 150 (бир жүз элүү) сомго атайын эсептик каражаттан көтөрүүнү жана камкорчулар кеңешине жөнөтүүнү колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

**<u>ЧЕЧИМ КЫЛАТ:</u>**

1. 2024-жылга илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректордун иш планын бекитилсин.
2. Аспирантура бөлүмү жөнүндөү жобо, илимдин магистрлерин даярдоо боюнча жобо, профессионалдык жогорку билим берүү окуу программасын (кыргыз орус тилдеринде) (багыты: 550600-көркөмдүк билим; квалификация: илимдин магистри), основная образовательная программа высшего образования (направление подготовки 17.00.02 искусствоведение – музыкальное искусство: 24.00.01 – теория и история культуры), кафедра жөнүндөгү жобо, "Окутуучу студенттин көзү менен" социологиялык сурамжылоо тууралуу жоболор бекитилсин.
3. 2024-жылдын январь айынан баштап жалпы жаматтын (профессордук-окутуучулук курам, администрация жана көмөкчү персонал) эмгек акысы 110 (бир жүз он ) сомдон 150 (бир жүз элүү) сомго атайын эсептик каражаттан

көтөрүлсүн жана аталган маселени кароого камкорчулар кеңешине жөнөтүлсүн.

Урматтуу кесиптештер, ынтымагыбыз аша берсин. Жаңы жылда жаңы ийгиликтерди каалаймын. 2024-жыл быйылкы жылдан да берешен жана жемиштүү болсун. Саламатта барыңыздар.

**Төрага** **Т.Р. Колдошов**

**Катчы** **Н.К.Маражапова**